Бекитемин
Мектеп директору ____________
Г. Алимбекова
“03” 09 ____ 2021-жыл

Өзгөн районундагы Таабалды Жоробеков атындагы №95 орто мектебинин усулдук кеңешмесинин жобосу.

1. Усулдук кеңештин жобосу:
    - Усулдук кеңеш – билим берүү мекемесинин усулдук борбору болуп эсептелет
    - Усулдук кабинет – өз предмети боюнча мугалимдердин чыгармачылыгын өнүктүрөт, өз билимин жогорулатат, мугалимдик чеберчилигин өстүрөт, усулдук иштерге анализ жасалып, тажрыйбаларды калыптандырат.
    - Усулдук кеңеш жетекчилиги окуу бөлүмүнүн башчысы тарабынан жетекчиликке алынат.
    - Усулдук кеңеш өзүнүн ишинде Кыргыз Республикасынын “Билим берүү мыйзамына” жана нормативдик документтерге таянып иш алып барат.
    - Усулдук кеңешме жыл ичинде 4 жолу өткөрүлүшү керек.

2. Усулдук кеңештин максаттары
    - Илимий – усулдук иштерди өнүктүрүү. Тематикалык коллектив үчүн бирдей темадагы маалыматтык базаны түзүү
    - Педагогикалык коллективге өз чеберчилигин өркүндөтүү боюнча шарт түзүү
    - Билим берүүдө жаңы технологияларды колдонууга шарт түзүү
    - Мугалимдердин усулдук кыйынчылыктарына жардам берүү, түзөтүү
    - Чыгармачыл мугалимдердин демилгесин жана педагогикалык өзгөчөлүгүн колдоо
    - Иш тажрыйба алмаштыруу
    - Мугалимдердин профессионалдык жана маданий деңгээлин жогорулатуу
    - Коомдук, маданий жактан активдүү мугалимдерди колдоо, стимулдаштыруу
    - Берилген предметтердин жаңыланып, өзгөрүшүнө жардам көрсөтүү

3. Усулдук кеңештин ишин уюштуруу:
    - Мугалимдердин усулдук кеңешмесине өз ишин уюштуруу үчүн жетекчи окуу бөлүм башчысы болот.
    - Усулдук кеңешменин ишмердиги мектептин иш планына ылайык жүзөгө ашырылуучу пландоолор, педагогикалык жамааттын иштеп чыгуусуна кабыл алынган усулдук теманын. Райондук усулдук кабинеттердин нускоолорунун негизинде уюштурулат. Пландоо процессинде мугалимдердин өз алдынчы кесиптик билим алуу пландары эске алынат.
    - Ар кандай усулдук иш – чараларды уюштуруу

4. Усулдук кеңештин милдеттери:
    - Кеңешменин иш планын мектеп директорунун окуу- тарбия иштери боюнча орун басары окуу жылынын башталышында бекитет.
    - Билим берүү маселелери боюнча ченем жана усулдук документтерди иликтөө. Мектеп деңгээлиндеги ченемдик документтерди(нускамаларды, жоболорду, келишимдерди) иштеп чыгуу
    - Мектеп компонентин тандоого жана түзүүгө катышуу

- Предметтин окутулуш абалына талдоо жүргүзүү
- Педагогикалык жамаатка аттестациялоодо жардам көрсөтүү
- Жаш мугалимдердин ишке ыңгайлашуусуна жана алардын педагогикалык чеберчилигин өстүрүүгө жардам көрсөтүү

5. Усулдук кеңештин уктары:
   Усулдук кеңеш төмөнкүлөргө укуктуу:
   - Кесиптик деңгээлин жогорулатуу үчүн сунуштарын даярдоо жана мугалимдерди көрсөтүү
   - Мектепте окуу процессин жакшыртуу жөнүндө сунуш айтууга
   - Усулдук кеңешмеде топтолгон алдыңкы педагогикалык тажрыйба жөнүндө материалдарды жарыялоого
   - Мектеп жетекчилерине усулдук кеңешме эксперименттик ишке жигердүү катышкан мугалимдерди сыйлоо маселесин коюуга
   - Мугалимдерге кесиптик чеберчилигин жогорулатуунун ар түрдүү формаларын сунуштоого
   - Окуучулардын окуусундагы жана тарбиясындагы маселелер боюнча кеп – кеңеш алуу үчүн мектеп директоруна кайрылууга
   - Мугалимдерди аттестациялоону уюштуруу жана бул иштин мазмуну боюнча сунуш, ой – пикирлерди киргизүүгө

6. Усулдук кеңештин иш кагаздары:
   - Усулдук кеңештин жобосу
   - Усулдук кеңештин жылдык иш планы
   - Усулдук кеңештин аткарган иштери боюнча протоколдору
   - Предмет аралык усулдук бирикмелердин протоколдору
   - Усулдук кеңешменин мүчөлөрүнүн чейрек сайын аткарган иштери боюнча маалыматар
   - Предметтик жумалыктар боюнча иш чаралардын жылдык пландары
   - Ачык сааттардын иштелмелери